**ММК фондунун 2024 жылдын 9 айында жарандардын кайрылуулары боюнча жургүзүлгөн иштер**

2024-жылдын 9 айында ММК фондуна жарандардан 24487 кайрылуу келип түшкөн, анын ичинде 113 Шыр байланышына– 22177 кайрылуу; ММК фондунун аймактык башкармалыктарына – 330 оозеки кайрылуу, кат жүзүндө – 885, коомдук кабылдамага каттагандар – 868, электрондук - 227.

Кайрылуулардын негизги бөлүгү Мамлекеттик кепилдиктер программасынын алкагында медициналык кызмат алуу, кошумча төлөм төлөө, коронавирус, ММК полисин сатып алуу, жеңилдетилген дары-дармек менен камсыз кылуу, камсыздандыруу статусун текшерүү, гемодиализ кызматы ж.б. маселелер боюнча кеңеш суроо иретинде келип түшкөн кайрылуулар болуп эсептелет.

241 даттануу келип түштү, анын ичинде 156 (65%) тастыкталды. Бардык даттануулар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген мөөнөттө каралып чыкты. Даттанууларды карап чыгуунун жыйынтыктары боюнча төмөнкүдөй чаралар көрулдү: 39 учурда сөгүш берилди; 66 учурда эскертүү берилди; 15 учурда материалдык колдоо алынып салынды; 33 учурда саламаттык сактоо уюмдарында талдоо жүргүзүлгөн, 4 учурда тоголок арыздар саламаттык сактоо уюмдарынын жетекчилерине маалымдалды; 5 медициналык кызматкер (өз каалоосу боюнча) иштен бошотулду, 2 медициналык кызматкер кызматтан бошотулду, кызматкерлери арасында, анын ичинде этика жана деонтологияны сактоо боюнча 23 учурда түшүндүрүү иш-чаралары жүргүзүлгөн. ММК фондунун кызматкерлери 78 учурда даттанууларды кароо боюнча комиссиянын ишине катышкан.